# 2022

### Январь - Үчтүн айы

| пд | вш | сш | чб | пж | си | вж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 | 2 |
| 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 |
| 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 |
| 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 |
| 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 |
| 31 | | | | | | |

### Февраль - Бирдин айы

| пд | вш | сш | чб | пж | си | вж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 |
| 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 |
| 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 |
| 28 | | | | | | |

### Март - Жалган куран

| пд | вш | сш | чб | пж | си | вж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 |
| 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 |
| 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 |
| 28 | 29 | 30 | 31 | | | |

### Апрель - Чын куран

| пд | вш | сш | чб | пж | си | вж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1 | 2 | 3 |
| 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 |
| 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 |
| 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | |

### Май - Бугу

| пд | вш | сш | чб | пж | си | вж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | 1 |
| 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 |
| 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 |
| 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 29 |
| 30 | 31 | | | | | |

### Июнь - Кулжа

| пд | вш | сш | чб | пж | си | вж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 |
| 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 |
| 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 |
| 27 | 28 | 29 | 30 | | | |

### Июль - Теке

| пд | вш | сш | чб | пж | си | вж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1 | 2 | 3 |
| 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 |
| 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 |
| 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | 31 |

### Август - Баш оона

| пд | вш | сш | чб | пж | си | вж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 |
| 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 |
| 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 |
| 29 | 30 | 31 | | | | |

### Сентябрь - Аяк оона

| пд | вш | сш | чб | пж | си | вж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
| 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 |
| 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 |
| 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | | |

### Октябрь - Тогуздун айы

| пд | вш | сш | чб | пж | си | вж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 | 2 |
| 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 |
| 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 |
| 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 |
| 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 |
| 31 | | | | | | |

### Ноябрь - Жетинин айы

| пд | вш | сш | чб | пж | си | вж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 |
| 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 |
| 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 |
| 28 | 29 | 30 | | | | |

### Декабрь - Бештин айы

| пд | вш | сш | чб | пж | си | вж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
| 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 |
| 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 |
| 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | 31 | |





# 2021

## Январь - Үчтүн айы

| пд | вш | сш | чб | пж | си | вж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1 | 2 | 3 |
| 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 |
| 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 |
| 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | 31 |

## Февраль - Бирдин айы

| пд | вш | сш | чб | пж | си | вж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 |
| 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 |
| 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 |

## Март - Жалган куран

| пд | вш | сш | чб | пж | си | вж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 |
| 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 |
| 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 |
| 29 | 30 | 31 | | | | |

Илбирс дүйнө жүзү боюнча болгону 12 өлкөдө гана жашаган, саны аз жана жоголуп бараткан жаныбар.

Бул жаныбарды сактап калууда Кыргызстан биринчилерден болуп коңгуроо какты. Илбирс кыргыз элинин маданий мурастарында, бул анда легенда, жомок, ыр, уламыштарда, оймолорунда, сайма таштарында, жада калса тотем катары илгертен сакталып келген. Кыргыз элинин илбирстерди сактап калууга болгон аракети сыймыктанаарлык.

**Илбирске капыстан жолугуп калсам эмне кылуу керек?**

Илбирстер көрүүгө өтө кыйын жаныбар болгондугуна карабастан, кээде кишиге кездешип же бирөөнүн малына кол салган учуру болот.

Малга кол салдырбай сактап, ошол эле учурда илбирске дагы зыян келтирбеш үчүн биз илимий изилдөөлөрдүн негизинде, киши илбирске капыстан жолугуп калган учурда кандай коопсуздук ыкмаларды колдонуп, кырдаалдан чыгуусу тууралуу маалыматты чогулттук.

Жапайы жаныбарлар адам баласына жуга турган кутурма, кара тумоо (чума) жана башка ооруларды алып жүрүшү толук ыктымал. Тилекке каршы, мындай оорулардын көбү жөнөкөй лабораториялык аныктоодо билинбей кала берет. Жогоруда айтылган жугуштуу оорулар адамдын өмүрүнө чоң коркунуч жарататат. Жаныбарлардан же алардын өлүктөрүнөн алыс болуу ооруларды жугузуп алуудан сактайт. Ал тургай, көлөмү кичине же зыяны жок көрүнгөн майда жаныбарлар дагы кармап алган учурда кишиге кол салып, денесине чоң жаракат келтириши мүмкүн. Эгер жапайы жаныбарды кармоого муктаждык келип чыкса, аны жолун жакшы билген киши гана кармоосу керек. Көпчүлүк учурларда, илбирстерге (же башка жырткычка) тийбей өз алдынча калтырып, эл жашаган жерлерден алыстап кетүүсүнө мүмкүнчүлүк түзүп берген туура.

Илбирстерди сактап калуу үчүн жасалган баардык аракеттериңиздер мактоого арзырлык!

SNOW LEOPARD TRUST

IUCN SOS SAVE OUR SPECIES

Co-funded by IUCN Save Our Species

WOODLAND PARK ZOO

ГАООСЛХ



## 2021

### Апрель - Чын куран

| пд | вш | сш | чб | пж | си | вж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
| 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 |
| 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 |
| 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | | |

### Май - Бугу

| пд | вш | сш | чб | пж | си | вж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 | 2 |
| 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 |
| 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 |
| 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 |
| 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 |
| 31 | | | | | | |

### Июнь - Кулжа

| пд | вш | сш | чб | пж | си | вж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 |
| 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 |
| 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 |
| 28 | 29 | 30 | | | | |

**Жарадар илбирске жолуккан учурда эмне кылуу керек?**

Баардык жапайы жаныбарлар сыяктуу эле илбирстер дагы жаратылыштын катаал шарттарына ылайыкташып табиятынан чыдамкай келишет. Өз көлөмүнөн көп эсе чоң келген жаныбарларга тик аска-зоолордо аңчылык кылган бул жырткычтар, көп учурда денесинен жаракат алышат, бирок кайрадан толук калыбына келип айыгып кетишет. Илбирстин денесинен өтө чоң жаракат алып, ал эле эмес  бир нече манжа, же тырмагынан айрылган учурларда дагы толук айыгып, жаратылышта жашап кеткен бир нече учурлары болгон. Бир көзүнөн айрылып, жалгыз көзү менен аңчылык кылып жашап кеткен илбирстер дагы байкалган.

Илбирстер чоңоюп жетилгенде төрөлүп өскөн жерин таштап, өздөрүнө жаңы байырлай турган жерди издеп башташат. Ошол учурда кээде көптөгөн түздүктөрдү, кең өрөөндөрдү, жыш токойлорду, ал тургай эл жашаган жерлерди кесип өтүп алыска сапар алышат. Илбирс бир түндө 30-50 чакырымды басып өтө алат, кээде  жашаган бир аймактан экинчисине жетиш үчүн тынбай бир нече күн басат. Мындан улам, илбирс тоодон алыс жерден кезиксе дагы бул анын адашып, же ачка, же суу таппай жүргөндүгүнүн белгиси эмес экендигин түшүнсө болот. Бул анын өзүнө жашаганга жаңы  аймакты издеп жүргөн учуру болушу мүмкүн.


Эгер илбирстер өздөрүн коркунучта сезишсе тик беттеги жарларга, коргулдарга жашынышат. Эгерде жакын жерде жашынганга ылайыктуу жер табылбай калса, алар качкандын ордуна жерге жабышып жатып, бакка же бийик кырга чыгып, же караңгы жерге же бурчка жашынышат. Мышыктар стресске кабылганда так ушундай реакция кылышат. Андыктан, оорулуу көрүнгөн жана качпаган чоң илбирс жөн гана стресске кабылган болушу мүмкүн. Мындай учурда илбирсти жалгыз калтырып, андан алыстап кеткен туура.

Эгер жарадар болгон илбирске кезиксеңиз, өзүн кенен алып жүргөнгө жана эс алганга мүмкүнчүлүк бериш үчүн жанынан алыстап кетип калганыңыз туура болот, ал жерге иттерди жолотпоңуз. Эгер мүмкүнчүлүк болсо, илбирс калган жерди 10-12 сааттан кийин кайрадан барып текшериңиз, илбирс дагы эле алыс кетпей жаткан болсо тиешелүү мамлекеттик орган менен байланышып, кырдаалды маалымдаңыз. Сиз көргөн маалыматты эч кимге бөлүшпөңүз, эгер көп эл чогулуп илбирске жакын келсе илбирстин стресске дуушар болуусу күчөйт, акыбалы оордойт.

Эгерде илбирс браконьерликтин айынан жаракат алган учур болсо (капканга же кылтакка түшүрүлсө, курал менен атылса же атайылап денесине зыян келтирсе), тез арада тиешелүү органга маалымдаңыз. Кылмышкерди табууга далил чогултууга жардамыңыз керек.

Илбирсти  капканга түшүрүп же ага аңчылык кылган браконьер 1.5 миллион сом өлчөмүндө доо жана ага кошумча айып пулун төлөө менен бирге мыйзам чегинде жоопко тартылат.

SNOW LEOPARD TRUST
IUCN
SOS SAVE OUR SPECIES
Co-funded by IUCN Save Our Species
WOODLAND PARK ZOO
ГАООСЛХ



# 2021

**Июль - Теке**

| пд | вш | сш | чб | пж | си | вж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
| 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 |
| 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 |
| 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | 31 | |

**Август - Баш оона**

| пд | вш | сш | чб | пж | си | вж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | 1 |
| 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 |
| 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 |
| 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 29 |
| 30 | 31 | | | | | |

**Сентябрь - Аяк оона**

| пд | вш | сш | чб | пж | си | вж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 |
| 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 |
| 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 |
| 27 | 28 | 29 | 30 | | | |

**Эгер тоодо илбирстин баласын жолуктуруп калсаңыз, эмне кылуу керек?**

Эне илбирстер кээ бир убактарда бир жумалык балдарын деле 20 саатка чейин жалгыз калтырып аң уулоого чыгышат жана балдарына башка жырткычтар келип кол салбоосу үчүн алыстан көзөмөлдөп турушат. Адамдар илбирстин балдарын жалгыз кезиктиргенде, көбүнчө аларды энесинен бөлүнүп адашып кеткендей же энеси өлүп жалгыз калгандай сезишет.

Эгерде сиз илбирстин баласын жалгыз кезиктирсеңиз, ал жерден тезирээк кеткенге аракет кылыңыз.

Жанына жакын жерге камера орнотпоңуз, колуңузга алып сылабаңыз, тамак бергенге аракет кылбаңыз, энесинин келгенин күтпөңүз. Илбирстердин көрүүсү абдан курч болот, ошондуктан сизди алыстан баласынын жанында көрүп калса, кайра балдарына кайтып келишине жолтоо болосуз. Ал жакын коюлган камераны же элдерди байкап калса, кайтып келе албай балдарынын коопсуздугуна күмөн туулат.
Энеси өлүп, балдары жалгыз калган учур болсо же илбирс денесинен өтө чоң жаракат алган болсо, анда ал бала илбирске же жарадар илбирстин жапайы жаратылышта жашап кетүү мүмкүнчүлүгү өтө төмөн. Илбирсти кармоого аракет кылбаңыз, бирок тиешелүү мамлекеттик органга тезирээк билдириңиз.

**Эгер илбирс жайыттагы малга кол салса эмне кылуу керек?**

Изилдөөлөр көрсөткөндөй илбирстер кайтарууда жүргөн малга өтө сейрек кол салышат. Жайыттагы малды өз алдынча койгондон көрө, көзөмөлдөп, жакшылап кайтаруу жырткычтар келтирген чыгымды азайтат.
Эгерде болбой эле илбирс малга кол салса, жайытты алыстатып, бир нече жумага башка жерге которуп кетүү сунушталат.
Эгерде илбирс жайыттан майда жандыкты (кой-эчки) өлтүргөн болсо 4 күнгө чейин, эгер бодо малды (жылкы, топоз, уй) өлтүргөн болсо келерки 10 күндө малды илбирс кол салган жайытка жакын жайбоо керек.
Өлтүрүлгөн малдын сөөгүнө же этине такыр тийбөө сунушталат. Бул кадамдар илбирстин мындан аркы кол салууларын токтотконго жана жугуштуу ооруларды жугузуп албаганга жардам берет.

SNOW LEOPARD TRUST
IUCN SOS SAVE OUR SPECIES
Co-funded by IUCN Save Our Species
WOODLAND PARK ZOO
ГАООСЛХ



2021

**Октябрь - Тогуздун айы**

| П Д | В Ш | С Ш | Ч Б | П Ж | С И | В Ж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1 | 2 | 3 |
| 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 |
| 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 | 24 |
| 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 | 31 |

**Ноябрь - Жетинин айы**

| П Д | В Ш | С Ш | Ч Б | П Ж | С И | В Ж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 |
| 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 |
| 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 |
| 29 | 30 | | | | | |

**Декабрь - Бештин айы**

| П Д | В Ш | С Ш | Ч Б | П Ж | С И | В Ж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 |
| 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 |
| 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 |
| 27 | 28 | 29 | 30 | 31 | | |

**Эгер илбирс сарайдагы малга кол салса эмне кылуу керек?**

Эгерде илбирс үйгө же мал сарайга кирсе, бул өзгөчө кырдаал болуп эсептелет. Илбирске сыртка чыгып кетүүсүнө жол бериңиз. Көпчүлүк учурда, жаныбар тынчтаныш үчүн жанында басып жүргөн элдерди, малды жана иттерди алыстатып, анын чыгып кетишин алыстан карап туруш керек. Илбирсти жакындан кубалап же коркутуу, кишиге кол салып же денесине залал келтирүүсүнө алып келет.  Кээ бир убактарда, стресске кабылган илбирстер өзү өлтүргөн малдын этин таштап кетүүдөн баш тартышат, бирок мындай көрүнүш өтө сейрек кездешет. Илбирс жемин тойгуча жеп бүткөндөн кийин  ал жерден өзү кетишине убакыт талап кылынат, жолтоо болбоо керек. Мындай учурларда ал жерден кетип, жардамга бирөөнү чакырып келүү керек. Кээде илбирсти атайын дары менен уктатып, эксперттердин жардамы менен жылдырууга туура келет.

Илбирстердин адам баласына кол салуусу өтө сейрек кездешет. Бирок сарайга же бир тар жерге камалып калган учурларда, өзүн коргоо максатында  адамга кол салышы толук ыктымал. Эгер илбирс сарайга кирип камалып калса, сарайдын эшигин кенен ачып, элдерди жана иттерди алыс алып кетүү зарыл. Бул анын кетип калуусуна шарт түзөт. Малга кол салуулар кайталанса же суроолор болсо биз менен 0706228847 номери аркылуу байланышсаңыздар болот.

Эгерде илбирс сарайдын ичинен же сарайга жакын жерде кичине малды өлтүргөн болсо, малдын сөөгүн (тарптын калдыгын) илбирс кеткен тарапка, сарайдан 1-2 км алыстыкта алып барып таштоо керек. Малдын калдыгын ташыганда ден-соолугуңузга кам көрүүнү (кол кап жана бет кап кийүүнү, колду самындап жууганды) эсиңизден чыгарбаңыз. Сөөктү сүйрөп алып баруу, илбирс үчүн  калдыкты артынан издеп таап жегенге жардам берет. Бул ыкма илбирстин кайра сарайга кайтып келүүсүн токтотушу ыктымал. Илбирс жеминин (малдын) көлөмүнө жараша  калдыгы менен 2-10 күн аралыгына чейин тамактанышы мүмкүн.

Илбирстер сарайдан малга кол салган учурда бир нече малды өлтүрөөрү белгиленген. Мындай учурларда кутурма жана кара тумоо сыяктуу ооруларды жуктуруп албоо ыкмаларын колдонуп, этияттык менен калган малды бөлүп кетиш керек. Шарт болсо жарадар болгон малды өзүнчө бөлүп, камоодо же байлоодо кармап же көзөмөлгө алып 2-3 айга чейин байкоо жүргүзүү керек. Эгер кутурманын белгиси байкалса анда санитардык эпидемиологиялык кызматка тезинен билдириңиз. Илбирстин сарайдан малга кол салган күндүн эртеси түнү кайра сарайга кайтып келишине мүмкүнчүлүк өтө жогору. Кийинки 10 күн өтө сак болуу керек. Кайра малга кол салуусунан сактаныш үчүн төмөндөгү иш-аракеттер сунушталат:

SNOW LEOPARD TRUST
IUCN SOS SAVE OUR SPECIES
Co-funded by IUCN Save Our Species
WOODLAND PARK ZOO
ГАООСЛХ



- **Иттер:** 1-2 итти жибин узун кылып, тоону көздөй кеткен, жырткыч келчү жолго байлап коюңуз. Иттер бири-бирине жакын байланып турса, бири экинчисин коштоп жакшы үрүшөт.
- **Үндөр:** жерден жарым метр бийиктикте, бири-бирине тийгенде үн чыккыдай кылып темирден шылдырактарды/коңгуроолорду илип коюңуз. Бул коңгуроолорду түнкүсүн сарайдын тегерегине бекитип коюңуз. Жогорудагы мисалга окшоштуруп майда темир-тезектен, жел болгондо үн чыгаргыдай кылып дирилдектерди дагы илип койсоңуз болот. Бош бөтөлкөлөрдү дагы шамалга илип койсо, ышкырык жаратат.
- **Жарыктар:** сарайдын жанына, өзгөчө илбирс кайра келчү жолду каратып электр жарыктан (лампочка) илип коюңуз. Эгер электр жарыгы болбосо, жалтырак темирлерден (ДВД дисктер, чагылчу ленталар) бир нечени илип койсоңуз, айдын же жылдыздардын жарыгында бири-бирине чагылышып турат.
- **Жыт:** соляркага малынган чүпүрөктү сарайдын жанына илип коюңуз, жырткычтар анын жытынан чочушат.
- **Ыкмалардын түрүн алмаштырып колдонуу:** жырткычтан коргонуу үчүн коркутуп-үркүтүү ыкмаларын ар түнү алмаштырып колдонуңуз, себеби, жырткычтар коргончу ыкмага бат көнүшөт дагы келип кол салуусу улана бериши мүмкүн. Аларды бат-бат алмаштырып туруу эффективдүү.

**Кандай маалымат топтош керек?**

Колдон келсе илбирстин малга кол салуусу же өлтүрүүсү тууралуу баардык маалыматтарды датасы, убактысы, өлтүрүлгөн жандыктын түрү, жашы, эгер бирөө илбирстин өзүн көрүп калса же фото же видеого тартып алса, эгер жырткыч кол салган окшош окуялар кайталанса, жырткычтын адаттан башкача жүрүм-турумдары жана башка ушул сыяктуу учурларды жогоруда берилген телефон номер аркылуу билдирүүңүздөрдү суранабыз. Окуянын жайын түшүнүү үчүн, жарадар болгон же өлгөн  малды, окуя болгон жердин жанында калтырылган жырткычтын издерин сүрөткө/видеого тартып алганга аракет кылыңыз.

Илбирске капкан салууга, кармоого же өлтүрүүгө мыйзам жол бербейт.

SNOW LEOPARD TRUST
IUCN SOS SAVE OUR SPECIES
Co-funded by IUCN Save Our Species
WOODLAND PARK ZOO
ГАООСЛХ